**Бекембай АПЫШ, Дөөлөтбай БАБАЕВ, Темир ЖОРОБЕКОВ, Педагогика (окуу китеби), Бишкек-2002, 438 б.**

Бул окуу колдонмо китеби төрт бөлүмдөн турат. Анын I жана IV-бөлүмдөрүн Б. Апыш жазды. II- бөлүмдү Б. Апыш Д. Бабаев менен III-бөлүмдү Б. Апыш Т. Жоробеков менен авторлошуп жазышты.

Бул окуу колдонмо китеби Кыргыз Республикасынын билим жана маданият министрлигине 2002-жыл 8-февралдагы № 49-1 буйругунун негизинде болочок мугалимдер үчүн окуу китеби, мектепте иштеп жаткан мугалимдер жана ата-энелер үчүн колдонмо катары басмага сунуш кылынган.

Бул окуу колдонмо китептин биринчи бөлүмүндө: педагогика илиминин предмети жана анын милдеттеринде элдик педагогикалык ойлордун өнүгүү динамикасы жөнүндө жазылган. Ошондой эле өнүгүү, тарбия жана инсан калыптанышын, тарбиянын максаты, азыркы мугалимдин коомду ээлеген орду жөнүндө баяндалган.

Экинчи бөлүмдө: дидактика жана анын предмети жөнүндө кенири жазылган.

Үчүнчү бөлүмдө тарбия жараянынын маныз-мааниси жана мыйзам ченемдүүлүктөрүнө токтолгон.

Төртүнчү бөлүмдө: түрдүү өлкөлөрдөгү билим берүү системасынын өнүгүү тенденциясы жана мектепти башкаруу. Ошондой эле ага жетекчилик кылуу жөнүндө ойлор жазылган.

Бул китеп кыргыз тилинде көлөмдүү нускада жана көп тиражда алгачкылардан болуп басылып чыккан. Бул китептин өзгөчөлүгү чыныгы кыргыз элдик педагогикасына кенири токтолгон.

Кыргыздын элдик педагогикасы-кылымдар бою үзүндүдөн чогултулуп келген нарк нускалуу каада-салт, кудурети күчтүү руханий дарамет. Ата-бабалардан калган даанышмандык керээздерди урпактарга төкпөй-чачпай жеткирүү-элибиздин цивилизацияга кетүүсүнүн эң зарыл шарты. Бул мыйзам ченемдүү зарылдыкты убагында назар албагандын айынан элибиздин руханий дүйнөсүндө орду толгус өксүк пайда болду. Бул окуу китеби ошол бөксөөнү толтурууга болгон далалат. Бул багытта, али көп иштерди аткарууга тийишпиз. Педагогика ар кандай эле элдин адеп-ахлагынын таянычы, маданий дараметинин көрсөткүчү. Элдин маданияттуу жүрүм-турумуна педагогдор үлгү көрсөтүп, ал эми окуу жайлары менен илимий мекемелеринде педагогика үлгүлүү илим катары болбогон элге келечек бүдөмүк.

**Козукулов Тимур**